мамлекеттик расмий гезити Эркин Тоо

Пенсияны да ойлой жүр!

## Кадырбек НУРМАНБЕТОВ:

# “БИЗГЕ 2 000 СОМДОН САЛЫМ ТОПТОП, 6 000 СОМГО ПЕНСИЯГА ЧЫКСА БОЛОТ”

***“Кыргызстан” топтолмо пенсиялык фондунун 24 жылдык тарыхы бар. 10 жылдан бери салым топтогон өз кардарларына пенсия төлөп, толук кандуу иштеп жатканы менен фонд тууралуу көпчүлүгүнүн кабары жок болсо керек. “Кыргызстан” ТПФнын Мамлекеттик Соцфонддон айырмачылыгы жана артыкчылыктары тууралуу кеңири сөз козголгон. Анда эмесе аталган фонддун башкы директору Кадырбек НУРМАНБЕТОВ менен болгон маекти окурмандарга сунуш кылабыз.***



**– Кадырбек мырза, азыр ким канча пенсияга чыгарын так билсе болобу?**

– Албетте, болот. Мамлекеттик соцфонддон орточо айлык акыдан 38%дан жогору пенсия ала албайсыз. Эгерде айлыгыңыз айына 20 миң сом болсо, пенсия 7600 сомдон ашпайт. Соцфонд инфляцияны эске алып, пенсиянын көлөмүн эмес, базалык бөлүгүн гана көтөрөт.

Ал эми “Кыргызстан” ТПФда киреше татаал процент менен эсептелет. Ошондуктан сиздин төлөгөн салымыңыздан алынган киреше жогору болуп, кандай инфляция болбосун биз төлөгөн пенсия андан жогору болот. Жаңы мыйзам боюнча пенсиянын көлөмү канча болорун так айтууга укугубуз жок. Бирок 24 жылдан бери иштеп, 10 жылдан ашык убакыттан бери өз кардарларыбызга пенсия төлөп келебиз. 10-15 жылдын ичинде кардарлардын салымдары 4-5 эсеге көбөйгөн.

Азыркы күндө расмий статистика боюнча мамлекеттик орточо пенсия 5401 сом, мындай пенсияны аялдар 35 жыл, эркектер 40 жыл эмгек стажысы менен алышат. Мисалы, сиздин айлыгыңыз 10 миң сом болсо, анын 1000 сому кармалып Соцфондго которулат. Мындан сырткары жумуш берүүчү да сиз үчүн Соцфондго 1725 сомду которот. Ошентип, сиздин жеке пенсиялык эсебиңизге ай сайын 2725 сом топтолот. Кийин пенсияга чыкканыңызда мамлекет сизге ай сайын 4000-5000 сом пенсия төлөй баштайт. Ал эми пенсионер каза болгондон кийин пенсия төлөө токтотулат.

**– А сиздерге салым топтогондор канча сомго пенсияга чыгышат?**

– “Кыргызстан” ТПФ менен топтоо мөөнөтү 25 жыл, ар бир айдагы салымдын көлөмү 2000 сом менен келишим түзүлсө, келишимдин топтоо мөөнөтү аяктагандан кийин сизге жаш курагыңызга жана эмгек стажыңызга карабастан фонд пенсия төлөй баштайт. Биздин фонддо 45, 50 жашыңызда пенсионер боло аласыз. Пенсияны топтоо мөөнөтү канча болсо, төлөө мөөнөтү да ошончо болот. Башкача айтканда, “Кыргызстан” ТПФ сизге 25 жыл аралыгында пенсия төлөйт жана анын көлөмү мамлекеттик пенсияга караганда 3-4 эсе көп болот. Эгерде пенсионер каза болуп калса, калган пенсиясын мураскери алат.

**– Соцфонддо мамлекет кепил болуп берет, ал эми кардарлардын салымына кандай кепилдиктерди бересиздер?**

– Эң алгачкы жана маанилүү кепилдик катары биздин 24 жылдык тарыхыбызды айтсак болот. Ушул жылдын ичиндеги 10 жылдан ашуун убакытта биз өз милдеттерибизди так аткарып, кардарларыбызга пенсия берип келе жатабыз. Биздин келишимдеги милдеттерди так, убагында аткарууга өлкөдө болуп өткөн саясий окуялар да, дүйнөлүк финансылык кризис да тоскоолдук бере албайт.

ТПФ ишмердүүлүгү Мамфинкөзөмөл тарабынан лицензиялаштырылган, жыл сайын аталган мекеменин аудиторлору тарабынан текшерилет жана өздүк капиталыбыздын жетиштүүлүгү жана финансылык бекемдигибиз жөнүндө ай сайын отчет берип турабыз.

Улуттук банк жана атайын финансылык мекемелер тарабынан бардык финансылык кыймылдарыбыз көзөмөлдө турат.

Азыркы убакта топтолмо пенсиялык фондго мамлекет тарабынан талаптар жана көзөмөл абдан күчөтүлгөн.

Мыйзам менен башкаруучу компанияларга жана ТПФлардын кызматы үчүн жакшы сый акы төлөө каралган, ошону үчүн биздин ар кандай шылуун ишке баруубуздун кажети жок, биз узак мөөнөттө жана кардарларыбыздын алдында өз милдеттерибизди так аткарууга умтулабыз. ТПФ туруктуу болуусу үчүн анын Уставдык капиталы 10,0 млн сомдон 40,0 млн сомго чейин көтөрүлгөн. Сатып алынган акциялар күрөө катары же башка пайдасыз, өзүн-өзү актабаган финансылык операцияларга колдонулбайт.

**– ТПФ менен банктык системанын кандай айырмасы бар жана ТПФ эмнеси менен пайдалуу?**

– Пенсиялык каражаттар ТПФ татаал процент менен иштейт, жыл жаңырганда мурдагы инвестициялык киреше менен чогуу топтолгон каражатка инвестициялык киреше эсептелинет. Топтоо мөөнөтү 10 жыл жана андан жогору, ай сайын 1-2 миң сомдон топтоого мүмкүн. Банкта жогору процент киреше алуу үчүн көп суммадагы акча салуу керек.

Ал эми бизде абдан ыңгайлуу. Мисалы, 10 жыл бою 2000 сомдон салым салып жүрүшкөн бир топ кардарларыбыз азыр айына 6000 сомдон ашык пенсия алышат. Мындан тышкары сиздин жеке эсебиңизге иштеген жердеги мекеме да стимул кылуу менен өзүнүн кирешесинен салым салууга мүмкүн, анткени мындай төлөмдөр салыктан бошотулган.

**– Пенсиялык топтолмолор кандайча жана кайда инвестицияга жайгаштырылат?**

– Пенсиялык топтолмолорду фондулук биржада мыкты тажрыйбасы жана профессионалдык деңгээли бар Башкаруучу компания аркылуу инвестицияга тартылат. Биздин Башкаруучу компаниябыз “Сенти” ЖЧК Финансылык компания болуп эсептелинет.

Маалымат катары айта кетсем, мурда пенсиялык топтолмолор фондулук биржада листингден өтүшкөн “Абдыш-Ата”, “Шоро”, “1000 түркүн” соода үйү, KICB банкы, “Салым Финанс” финансылык компаниясы жана башка пайыздык кирешеси 16%дан 22%га чейин жеткен компаниялардын акцияларына жана облигацияларына жайгаштырылып турган. Акыркы 5 жылда Фондулук биржадан листингден өткөн компаниялардын саны көбөйүп, учурда 30дай компанияга жетти. Бул компаниялардын акциясынан алынган киреше салыктан бошотулган. Ал эми Соцфонд мындай компаниялардын акциясын жана облигацияларын алууга укугу жок. Бул пенсиялык топтолмолорду жайгаштыруудагы эң ыңгайлуу жол. ТПФ “Кыргызстандын” артыкчылыгы мына ушунда.

**– Кардарлардын саны канчага жетти?**

– Аткарылган келишимдердин саны 2500 адамдан жогору, азыркы убакта 3200 киши пенсия алат жана топтошот.

**– ТПФ «Кыргызстанга” келбей туруп акчаны которо алышабы?**

– Ооба, банк аркылуу, «Система Квикпэй» ЖЧК (Quickpay) жана “Элсом” мобилдик капчык терминалдары аркылуу акчаны өздүк эсебине которууга болот.

**– Акча топтолгондон кийин аны толугу менен алууга болобу?**

Ооба, эгерде Сиз туруктуу жашоо үчүн башка мамлекетке көчүп бараткан болсоңуз, анда топтогон акчаңызды бир эле убакта толугу менен ала аласыз.

**– Эгерде көзү өтүп кетсе, анын топтолмо акчасы жана пенсиясы эмне болот?**

– Мындай учурда ТПФ “Кыргызстанда” анын пенсиясы жана өздүк эсебиндеги топтолмосу анын мураскерине өтөт.

**– Мен үчүн башка киши салым сала алабы же мен башка киши үчүн салым салууга мүмкүнбү?**

– Ооба, сиз башка киши үчүн салым салууга болот жана сиз үчүн да башка адамдар салым салып, сиздин жеке пенсиялык эсебиңизди толуктай алышат.

**– Алдын ала бир-эки айга салым салууга болобу?**

– Ооба, сиз алдын ала канча айга болсо да салым сала аласыз.

**– Эмне үчүн буга чейин бул фонддун иштери тууралуу маалымат уккан эмеспиз?**

– Туура айтасыз, биз акыркы беш жылда өз кабарыбызды билгизген жокпуз. Фонд өзүнүн пенсионерлерин эле тейлеп, аларга пенсия берүү менен эле алектенип келдик. Биздин мындай кадамыбыз Өкмөт тарабынан пенсиялык системада жаңы мыйзамдарды жана айлык акыдан 2% мамлекеттик милдеттүү топтолмо пенсиялык төлөм жөнүндөгү укуктук-ченемдик актыларды кабыл алууга байланыштуу болду. Бүгүнкү күндө “Кыргыз Республикасындагы топтолмо пенсиялык фонддор жөнүндөгү” мыйзам жана 14 укуктук-ченемдик актылар кабыл алынды. Мыйзам жана укуктук-ченемдик актылар менен ТПФ уставдык капиталынын көлөмү бир канча жогорулады, ТПФ мамлекеттик каттоодон кайра өттү, мамлекеттик эмес пенсиялык камсыздандыруу жана 2% милдеттүү топтолмо пенсиялык камсыздандыруу боюнча жаңы лицензия алынды. Эми элге кызмат көрсөтүүнү толук кандуу баштадык. Мамлекет бизди жаңы мыйзам менен колдоду. Салым салуучулардын укугу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 53-беренесинде бекитилген жана 2040-жылга чейинки Улуттук Өнүгүү Стратегиясында камтылган.

**– Келишимдин мөөнөтү бүтө электе жеке эсебимдеги топтолгон акчаны толук алууга болобу?**

– Топтолгон акчаны толук бойдон алууга мүмкүн эмес. Келишим эрте убакытта бузулбайт. ТПФ "Кыргызстанда" пенсиялык схема боюнча пенсия төлөө мөөнөтү топтоо мөөнөтүнө барабар. Минималдык топтоо мөөнөтү 10 жыл, пенсия төлөө мөөнөтү да 10 жылга барабар. Мындан ташкары сиз түзгөн келишимиңизди башка бирөөгө сунуштоого мүмкүнчүлүгүңүз бар.

**– Эгерде “Мурас” программасы боюнча 10 жылдык эсеп ачылып, пенсия алуу мөөнөтү келген убакта адам жаш болсо, пенсиясын ким алат?**

– “Мурас” балдар программасы боюнча балага 14 жаштан баштап акчасын төлөй баштайбыз.

**– Пенсиялык топтолмолорду башкарган компания банкрот же төлөө мүмкүнчүлүгү жок болуп калса эмне болот?**

– Башкаруучу компания пенсиялык топтолмо каражаттар ишенилген башкаруу келишиминин бузулушунун кесепетинен болуучу өзүнүн жоопкерчилигиндеги коркунучтарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жана шартта камсыздандырууга милдеттүү.

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**